ОШ ШААРДЫК КЕҢЕШИ
ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ

ОБЪЕДИНЕННЫЕ НАЦИИ
ПРАВА ЧЕЛОВЕКА
УПРАВЛЕНИЕ ВЕРХОВНОГО КОМИССАРА

"ИНТЕРБИЛИМ"
КООМДУК БИРИКМЕСИ

# Ош шаарынын 2023-жылга карата жергиликтүү бюджетинин долбоорун коомдук бюджеттик угууга алып чыгуунун ПРОГРАММАСЫ

**Өткөрүлүүчү күнү:** 9-февраль 2023-жыл, саат: 9:30

**Өткөрүлүүчү орду:** КРнын Президентинин Ош обл. ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн чоң жыйындар залы (Дом политпросвещения)

| № | Убактысы | Талкуулоонун иштөө тартиби |
|---|---|---|
| 1 | **9:30-10:00** | Бюджеттик коомдук угуунун катышуучуларын каттоо |
| 2 | **10:00-10:10** | Бюджеттик коомдук угууну ачуу. Регламентти бекитүү<br>- Ош шаардык Кеңешинин төрагасы - **С.Назылбеков** |
| 3 | **10:10-10:25** | Ош шаарынын 2023-жылга карата жергиликтүү бюджетинин долбоорунун презентациясы<br>- Ош шаардык Кеңешинин бюджет, экономика жана өнөр жай маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясынын төрагасы – **Э. Арзиев** |
| 4 | **10:25-10:40** | Ош шаарынын бюджети боюнча коомчулуктун пикири (экспертиза)<br>- "Интербилим эл аралык борбору" коомдук бирикмесинин Оштогу филиалынын жетекчиси - **Г.Мамасалиева** |
| 4 | **10:40-11:40** | Ош шаарынын 2022-жылга карата жергиликтүү бюджетинин долбоору боюнча суроо-жооптор *(суроолор, сунуштар)* |
| 5 | **11:40-12:00** | Бюджеттик коомдук угууну жыйынтыктоо |

Коомдук угууну өткөрүүчү тараптар:

- Ош шаардык Кеңеши (03222)55218;
- Ош шаарынын мэриясы (03222) 70070
- "Интербилим" уюмунун Оштогу филиалы (03222)71534

# Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2023-жылга долбооруна жана 2024-2025-жылдарга пландык көрсөткүчтөрүнө түшүндүрмө кат

## Бюджеттин киреше бөлүгү

2023-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше көлөмү (бюджеттик мекемелердин атайын каражаттарын кошкондо) 2022-жылдын бекитилген бюджетине салыштырмалуу 156,8 % га өсүп, же болбосо 908 796,2 миң сомго көбөйүп, 2 509 306,2 миң сомду түзүүдө, анын ичинен:

- салык кирешелери 2 023 126,2 миң сомду (жалпы бюджеттин көлөмүндө 80,7%);
- салык эмес кирешелери 356 180,0 миң сомду (жалпы бюджеттин көлөмүндө 14,1%);
- бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары 130 000,0 миң сомду (жалпы бюджеттен 5,2%) түзөт.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө” Мыйзамынын негизинде жергиликтүү бюджетке жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрү төмөнкүдөй ченемде белгиленген:

-киреше салыгы- 100%;

-жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык-50%;

-мүлк салыгы- 100 %;

-патенттин негизиндеги салык - 100%.

Ал эми жергиликтүү бюджеттин пландык көрсөткүчтөрү 2024-жылга 2 632 874,0 миң сомду, 2025-жылга 2 768 117,7 миң сомду түзүүдө.

## Бюджеттин чыгаша бөлүгү

Бюджеттин чыгашалар бөлүгү 2023-жылга атайын каражаттарды кошкондо 2 509 306,2 миң сомду түзүп, 2022-жылга салыштырмалуу 908 796,2 миң сомго көбөйгөн.

2023-жылга белгиленген бюджеттин чыгаша бөлүгү тармактар боюнча төмөндөгүдөй сунушталууда:

- жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар – 15,7 %;
- коргонуу - 0,3 %;
- экономикалык маселелер - 19,6 %;
- турак жай жана коммуналдык чарба - 36,2 %;
- маданият жана спорт - 6,7 %;
- билим берүү - 20,4 %;
- социалдык коргоо - 1,1 %.

**Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар** тармагына 393 128,8 миң сом каралууда, анын ичинен:

- Ош шаардык Кенешинин, Ош шаарынын мэриясынын жана муниципалдык мекемелердин аппараттарын каржылоого – 149 916,6 миң сом;
- насыяларды төлөөгө, Ош шаары мүчө болуп кирген Эл аралык уюмдарга жана ассоциацияларга мүчөлүк акы төлөөгө – 142 818,0 миң сом;
- мэриянын резервдик фондуна – 25 000,0 миң сом;
- муниципалдык аймактык башкармалыктарды каржылоого – 75 354,2 миң сом.

Бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары 40,0 миң сомду түзүүдө.

**Коргоо тармагына** 7 643,5 миң сом каралууда, анын ичинен:

Ош шаардык аскер комиссариатынын, Ош шаардык топтоо пунктунун кенже тейлөөчү кызматкерлеринин эмгек акыларына, коммуналдык төлөмдөрүнө, жарандарды аскердик кызматка чакыруу чыгымдарына жана стратегиялык чыгымдарга (ЧС) каралууда.

**Экономикалык маселелерге** 492 565,6 миң сом каралууда, анын ичинен:

- Ош шаардык автоунаа муниципалдык ишканасына жеңилдиктерден пайдаланып жүрүүгө укуктуу жарандардын жол акысына субсидия берүүгө - 40 000,0 миң сом;

- “Ош шаардык жолдор” муниципалдык ишканасынын аппаратын каржылоого – 19 883,4 миң сом, титулдук баракчасына **–** 350 000,0 миң сом;

- “Ош-Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык ишканасына субсидия берүүгө – 61 682,2 миң сом;

- “Санарип Ош” муниципалдык ишканасына – 18 000,0 миң сом.

Бюджеттик мекеме-ишканалардын атайын каражаттары 3 000,0 миң сомду түзүүдө.

**Турак жай жана коммуналдык кызматтар тармагына** 908 449,8 миң сом каралууда, анын ичинен:

- “Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты” муниципалдык ишканасына - 153 000,0 миң сом;

- “Ошсвет” муниципалдык ишканасына – 87 962,1 миң сом;

- Ош шаарынын мэриясынын жарандарды тейлөө бюросуна – 12 775,5 миң сом;

- Ош шарынын муниципалдык турак-жай коммуналдык башкармалыгына – 19 402,2 миң сом;

- Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын титулдук баракчасына – 132 000,0 миң сом;

- Ош шаарынын мэриясынын капиталдык курулуш башкармалыгынын титулдук баракчасына - 500 000,0 миң сом.

Бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары 3 310,0 миң сомду түзүүдө.

**Маданият жана спорт тармагына** 167 204,0 миң сом каралууда, анын ичинен:

- маданият, спорт жана жаштар иштери боюнча ар түрдүү иш-чараларды өткөрүүгө – 43 325,7 миң сом;

- Ош шаардык борборлоштурулган китепканасына – 12 603,6 миң сом;

- маданият үйүн кармоого – 937,4 миң сом;

- А.Суйунбаев атындагы "Ош шаардык стадиону" жана "Алай" футболдук клубу муниципалдык ишканасына субсидия берүүгө – 70 000,0 миң сом;

- «Ош шамы» гезитине субсидия берүүгө – 3 000,0 миң сом;

- Ош шаардык спорттук медицина жана калыбына келтирүү борборуна–3 595,4 миң сом;

- фольклордук-эстрадалык тобуна – 10 376,2 миң сом;

- маданият башкармалыгынын, жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча комитеттеринин аппараттарын каржылоого - 21 213,5 миң сом:

- Ош шаарынын маданият башкармалыгынын бухгалтериясын каржылоого – 1 652,2 миң сом сунушталууда.

Бюджеттик мекелердин атайын кажаттары 500,0 миң сомду түзүүдө.

**Билим берүү тармагына** 512 805,7 миң сом каралууда, анын ичинен:

- мектептердеги 1-4-класста окуган балдардын тамак-ашына – 57 129,6 миң сом, бала-бакчалардагы балдардын тамак ашына кетүүчү чыгымдарга **–** 54 790,3 миң сом, мектеп интернаттардын, “Алтын Уя”, “Лотос” балдар үйлөрүндөгү балдардын тамак ашына – 1 921,9 миң сом, № 11 В.Терешкова жана № 12 Н.Крупская атындагы мектеп интернаттардын тамак ашына – 9 649,2 миң сом жана спорт мектебине – 3 000,0 миң сом;

-мекемелердин коммуналдык төлөмдөрүнө (байланыш кызматы, суу, электроэнергия, жылуулук, көмүр) – 166 742,2 миң сом;

-мугалимдердин коммуналдык төлөмдөрүнө жеңилдиктерге – 16 318,8 миң сом;

-бала бакчаларга, мектептерге жана башка мекемелерге (спорт мектептери, балдар үйү, балдардын чыгармачылык борборлору, эсепканалар жана билим берүү башкармалыгынын аппараты)

эмеректерди, парталарды, компьютерлерди сатып алууга, оңдоп-түзөө иштерине жана башка чыгымдарга – 75 078,0 миң сом каралууда.

Билим берүү мекемелеринин атайын каражаттары 123 050,0 миң сомду түзүүдө.

**Социалдык коргоо тармагына** 27 508,8 миң сом каралууда, анын ичинен:

- Ош шаарынын жарандарын социалдык жактан коргоо боюнча иш-чараларга – 8 626,0 миң сом;
- «Боорукердик» үй-интернатына – 14 106,0 миң сом;
- Ош шаарынын мэриясынын алдындагы көп тармактуу Үй-бүлөгө жана балдарга жардам берүү борборуна **–** 3 965,0 миң сом;
- Ардагерлер Кенешине – 711,8 миң сом сунушталууда.

Бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары 100,0 миң сомду түзүүдө.


Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн пландык көрсөткүчтөрү 2024-жылга 2 632 874,0 миң сом, 2025-жылга 2 768 117,7 миң сомго сунушталууда.

**Ош шаарынын**
**биринчи вице-мэри** **М.А. Исаев**


Аткаруучу:
КРФМ Ош финансы башкармалыгы

К.К. Абдыкадыров ________________


## 2023 – жылга жергиликтүү бюджеттин динамикасы (трансферттерди кошпогондо, миң сом)





## Ош шаарынын 2023-жылга жергиликтүү бюджетинин кирешесинин көлөмү (миң сом)




## 2023-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгашасы (миң сом)





## Турак-жай жана коммуналдык чарба тармагынын чыгашасынын динамикасы (миң сом)



**Капиталдык курулуштун чыгашасынын динамикасы (миң сом)**




**Жолду оңдоо жана куруу чыгашасынын динамикасы (миң сом)**




Маданият жана спорт тармактарынын чыгашасынын динамикасы (миң сом)
180 000,0
160 000,0
140 000,0
120 000,0
100 000,0
80 000,0
60 000,0
40 000,0
20 000,0
0,0
69 563,6
74 711,6
73 736,4
79 877,2
82 968,4
92 249,3
167 204,0
2017-жыл
2018-жыл
2019-жыл
2020-жыл
2021-жыл
2022-жыл
2023-жыл


Билим берүү тармагы боюнча чыгашасынын динамикасы (миң сом)
600 000,0
500 000,0
400 000,0
300 000,0
200 000,0
100 000,0
0,0
316 926,1
339 816,5
377 717,6
394 616,0
396 393,6
403 500,7
512 805,7
2017-жыл
2018-жыл
2019-жыл
2020-жыл
2021-жыл
2022-жыл
2023-жыл

## Кыргыз Республикасынын Конституциясы

**2-берене.**

1. Конституциялык түзүлүштүн негиздерин өз алдынча аныктоо Кыргыз Республикасынын элинин эгемен укугу болуп саналат.

2. Кыргыз Республикасында элдик бийлик бийликтин толугу менен элге таандыктыгы, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, мамлекеттин жана коомдун иштерин башкарууга эркин жана реалдуу жеткиликтүүлүк принциптерине негизденет.

3. Кыргыз Республикасынын жарандары өзүнүн бийлигин түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда (бүткүл элдик добуш берүү), ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашырат.

**4-берене.**

Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик төмөнкү принциптерге негизделет:

- өз ыйгарым укуктарын элдин таламдары үчүн гана жүзөгө ашырууда мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ачыктыгы;

- мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын эл алдындагы конституциялык-укуктук жана башка жоопкерчилиги.

**23-берене.**

1. Адам укуктары жана эркиндиктери ажыратылгыс жана алар ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык. Алар абсолюттук, ажыратылгыс жана кимдир бирөөнүн кол

салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголгон деп таанылат.

Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинин мааниси менен мазмунун аныктайт.

**37-берене.**

4. Кыргыз Республикасынын жарандары мыйзамдарды, республикалык жана жергиликтүү маанидеги чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышууга укуктуу.

6. Жарандар республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө катышуу.

## Кыргыз Республикасынын Бюджетин Кодексинен

## 24-глава. Бюджеттин жана бюджеттик процесстин айкындуулугу жана ачыктыгы

**125-берене. Бюджеттерди жана бюджеттердин аткарылышы жөнүндө отчетторду жарыялоо**

Пункт 4. Бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсү (тескөөчүлөрү, алуучулары), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жашыруундуулук режимин, мамлекеттик же мыйзам менен корголуучу башка жашыруун сырды коргоону камсыз кылууну эске алуу менен алар бекитилгенден (жактырлыгандан) кийин 15 күндүн ичинде өздөрүнүн расмий сайттарына төмөнкү документтерди жайгаштырууга милдеттүү:

1) сектор боюнча бюджеттик чыгашалардын стратегиясын;

2) бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчүлөрүн (тескөөчүлөрдүн, алуучулардын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетинин долбоорун;

3) бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчүлөрүн (тескөөчүлөрдүн, алуучулардын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бекитилген бюджетин;

4) бюджеттин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту, анын ичинде майнаптуулуктун индикаторлоруна жетүү жөнүндө отчетторду;

5) бюджеттин аткарылышы жөнүндө ар бир айлык отчетту.

6) жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору;

7) бекитилген жергиликтүү бюджеттер;

8) жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө жылдык отчеттор.

5. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызынын учурдагы абалы жөнүндө маалыматтар ачык болуп саналат жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтында жайгаштырылууга жатат.

6. Ушул Кодексте белгиленген тартипте бекитилген бюджетти аткаруу жөнүндө отчеттор алар бекитилгенден кийин бир айдын ичинде жарыялануууга жатат.

**126-берене. Жарандык бюджет**

1. Жарандык бюджет ушул берененин экинчи бөлүгүнүн жобосу менен каралган маалыматтарды (бюджеттик параметрлер, белгилүү бир каржылык мезгилге карата артыкчылыктар жана чечимдер жөнүндө) түшүнүктүү жана жөнөкөйлөтүлгөн формада баяндоону билдирет. Жарандык бюджет атайын билими жокторду кошуп алганда, жарандарга мамлекеттик каржылар жөнүндө маалымат алууга мүмкүндүк берет.

2. Жарандык бюджет мамлекеттик жашыруун сырларды коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен белгиленген чектөөлөрдү эске алуу менен, Өкмөт тарабынан бекитилген усулга ылайык түзүлөт жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын сайтына жайгаштырылат.

**127-берене. Коомдук бюджеттик угуулар**

1. Коомдук бюджеттик угуулар - бул коомдук пикирди иликтөө, сунуштарды, сунуштамаларды алуу жана калктын кызыкчылыктарын эске алуу менен чечимдерди кабыл алуу үчүн аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси боюнча өткөрүлүүчү Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттердин түзүүнүн жана аткаруунун маселелерин ачык талкуулоо формасындагы иш-чара.

2. Коомдук бюджеттик угууларга материалдар коомдук бюджеттик угууларды өткөргөнгө чейин 10 күн мурда тиешелүү мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий веб-сайтында жарыялануууга тийиш.

3. Мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы коомдук бюджеттик угуулардын катышуучуларын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн (зарыл болгон учурда) каттоону, протокол жүргүзүүнү жана жыйынтыктоо документтерин жол-жоболоштурууну камсыз кылат.

4. Мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы коомдук бюджеттик угуулардын жыйынтыктары боюнча коомдук бюджеттик угуулардын катышуучуларынан түшкөн сунуштарды жалпылайт, аларды кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечимдер жөнүндө аларга жоопторду жиберет.

**129-берене. Бюджеттик айкындуулукка баа берүү көрсөткүчтөрү**

1. Бюджеттик айкындуулуктун деңгээлин жана коомчулуктун бюджеттик маалыматка жетүүсүн баалоо үчүн Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бюджеттик индекстерди пайдаланат.

2. Республикалык бюджеттин ачыктыгынын индекси көз карандысыз **эл аралык уюм тарабынан бааланат.** Көз карандысыз баалоонун натыйжалары боюнча республикалык бюджеттин айкындуулугунун өсүшүн камсыз кылуу үчүн Өкмөт тарабынан чаралар көрүлөт.

3. Бюджеттик айкындуулуктун муниципалдык индекси Өкмөт тарабынан кабыл алынган усулга ылайык **коммерциялык эмес уюмдар (жарандардын демилгечи топтору) тарабынан бааланат.** Коомдук баалоонун натыйжалары жергиликтүү бюджеттердин айкындуулугунун өсүшүн камсыз кылуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан эске алынат.

**"Интербилим" коомдук бирикмесинин Оштогу филиалы өз миссиясынын алкагында 15 жылдан бери Кыргыз Республикасынын аймагында республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана сарпталышына жарандык мониторинг жүргүзүп келет.**

Жарандардын бюджеттик укуктарын ишке ашыруу маселеси боюнча төмөнкү байланыштарга кайрылсаңыз болот:


| | |
|---|---|
| Эл. почта дареги: | **interbilim.osh@gmail.com** |
| Телефон: | **322272952** |
| веб-сайт: | **www.interbilimosh.kg** |
| Facebook: | **"Интербилимдин" Оштогу филиалы** |
| Instagram: | **@interbilimosh** |